**100105 – «Мейманканаларда жана туристтик комплекстерде тейлөөнү уюштуруу» адистиги үчүн**

**«Санариптик туризм» дисциплинасы боюнча баалоо каражаттарынын фондусу (ФОС)**

| **Контролдук модулдук суроолор** | **Доклад темалары** | **Тестирлөө** | **СӨИ темалары** |
|---|---|---|---|
| 1. Санариптик туризм деген эмне жана анын салттуу туризмден айырмасы?<br>2. Санариптик туризмде колдонулган негизги маалыматтык-коммуникациялык технологиялар.<br>3. Туристтик индустрияда санариптик технологияларды колдонуунун артыкчылыктары жана кемчиликтери.<br>4. Онлайн-брондоо үчүн негизги платформалар жана сервистер (Booking, Airbnb ж.б.).<br>5. Туризм тармагындагы онлайн-маркетингдин негизги методдору.<br>6. Виртуалдык реалдуулук (VR) жана анын туризмде колдонуу мүмкүнчүлүктөрү.<br>7. Big Data жана маалыматтар аналитикасынын туристтерге тейлөө сапатын жогорулатуудагы ролу. | 1. Booking.com платформасында гостевой үйүн каттоо тартиби.<br>2. Airbnb платформасынын дүйнөлүк туризмдеги ролу жана өзгөчөлүктөрү.<br>3. Tripadvisor: Сын-пикирлер менен иштөө жана бизнести илгерилетүү.<br>4. 2ГИС жана Google Maps карталарынын туристтик навигациядагы мааниси.<br>5. Санариптик маркетингдин инструменттери: SEO жана SMM.<br>6. Туризмде виртуалдык турларды (VR) түзүү жана анын артыкчылыктары.<br>7. Интерактивдүү экскурсияларда кошумчаланган реалдуулукту (AR) колдонуу.<br>8. Туристтик индустриядагы чат-боттор жана жасалма интеллект.<br>9. Мейманкана бизнесиндеги CRM системаларын талдоо.<br>10. Санариптик туризмде киберкоопсуздук жана маалыматтарды коргоо. | 1. VR аббревиатурасы эмнени билдирет? (Виртуалдык реалдуулук).<br>2. AR технологиясы туризмде эмне үчүн колдонулат? (Интерактивдүү экскурсиялар үчүн).<br>3. Кайсы платформа онлайн-брондоо үчүн негизги болуп саналат? (Booking.com).<br>4. Социалдык тармактар аркылуу маркетинг жүргүзүү кандай аталат? (SMM).<br>5. Издөө системаларында сайтты илгерилетүү методу? (SEO).<br>6. IoT деген эмне? (Нерселер интернети).<br>7. Мейманкананын ички башкаруу панели кандай аталат? (Extranet).<br>8. Туристтик кампаниялардын натыйжалуулугун кайсы тармак баалайт? (Веб-аналитика).<br>12. Чат-боттор кайсы технологияга негизделген? (Жасалма интеллект - AI). | 1. «Санариптик туризм жана онлайн платформалар» (Презентация даярдоо).<br>2. «Индивидуалдык туристтик маршрутту түзүү, жасалгалоо жана сметасын эсептөө» (Презентация).<br>3. Дүйнөлүк санариптик туризмдин тарыхы жана өнүгүү этаптары.<br>4. Booking.com: Мейманкананын профилин оптималдаштыруу стратегиясы.<br>5. Airbnb платформасындагы «Experiences» (Тажрыйбалар) бөлүмүн талдоо.<br>6. Tripadvisor платформасында терс сын-пикирлер менен иштөө алгоритми.<br>7. Google Maps аркылуу туристтик бизнестин геолокациясын башкаруу.<br>8. Виртуалдык турлардын (VR) туристтик агенттиктердин сатуусуна тийгизген таасири.<br>9. Туризм тармагындагы эң популярдуу 5 мобилдик тиркеменин анализи. |

| | | | |
|---|---|---|---|
| 8. Санариптик туризмдин өнүгүүсүнүн заманбап тенденциялары.<br>9. Социалдык тармактардын туристтик багыттарды жана кызматтарды тандоого тийгизген таасири.<br>10. Санариптик технологияларды колдонууда кандай коопсуздук чараларын эске алуу зарыл?<br>11. Туристтик мобилдик тиркемелердин негизги функциялары жана мүмкүнчүлүктөрү.<br>12. SEO-оптимизациянын туристтик кызматтарды илгерилетүүдөгү ролу.<br>13. Жасалма интеллект (AI) технологияларынын туристтик тажрыйбаны персоналдаштырууга тийгизген таасири.<br>14. Санариптик туризмдеги атаандаштык чөйрөнү талдоо үчүн кандай инструменттер бар?<br>15. Электрондук төлөм системалары туризм чөйрөсүндөгү төлөм ыкмаларын кантип өзгөртүүдө?<br>16. Контент-маркетинг деген эмне жана ал туризмде кантип колдонулат? | 11. «Smart Tourism» концепциясы: Дүйнөлүк тажрыйба.<br>12. Туризмдеги Big Data: Керектөөчүлөрдүн суроо-талабын прогноздоо.<br>13. Социалдык жоопкерчилик жана КР мейманканаларындагы туруктуу практикалар.<br>14. Туристтик мобилдик тиркемелердин интерфейсин иштеп чыгуу принциптери.<br>15. Электрондук коммерция жана онлайн транзакциялардын коопсуздугу.<br>16. Expedia платформасы: Туристтик кызматтарды пакеттөө мүмкүнчүлүктөрү.<br>17. Санариптик доордогу туристтин профили жана анын жүрүм-туруму.<br>18. Туристтик контентти түзүү үчүн Canva жана башка графикалык редакторлор.<br>19. Видео-маркетинг: YouTube жана TikTok туризмди илгерилетүүдө.<br>20. Веб-сайттын конверсиясын жогорулатуу ыкмалары.<br>21. Туризмдеги электрондук почта маркетинги (Email marketing). | 13. «Smart Tourism» кайсы концепциянын бөлүгү? (Smart City).<br>14. Санариптик туризмдин бир максаты? (ИТ-чечимдер менен тааныштыруу).<br>15. Airbnb негизинен эмнени брондоо үчүн колдонулат? (Турак жай/батир).<br>16. Tripadvisor платформасынын башкы өзгөчөлүгү? (Сын-пикирлер жана рейтингдер).<br>17. 2ГИС тиркемесинин негизги функциясы? (Карта жана навигация).<br>18. Санариптик туризм кайсы циклге кирет? (Техникалык цикл).<br>19. СӨИ тапшырмасы үчүн эң жогорку балл канча? (40 балл).<br>20. СӨИ презентациясы эң аз дегенде канча барак болушу керек? (10 барак).<br>21. Жеке маалыматтарды коргоо кайсы бөлүмгө кирет? (Киберкоопсуздук).<br>22. Санариптик туризмде Big Data эмнени талдоо үчүн керек? (Керектөөчүлөрдүн суроо-талабын).<br>23. Контент-маркетингдин максаты? (Пайдалуу маалымат аркылуу кардарды тартуу). | 10. Жасалма интеллекттин жардамы менен туристтик маршрутту пландаштыруу.<br>11. Социалдык тармактарда (Instagram/Facebook) туристтик кызматты жарнамалоо планы.<br>12. Туристтик сайттар үчүн SEO-тексттерди жазуу эрежелери.<br>13. Санариптик туризмде жеке маалыматтарды коргоо боюнча колдонмо даярдоо.<br>14. «Акылдуу шаар» концепциясындагы туристтик навигациянын ролу.<br>15. Мейманкана бизнесинде IoT технологияларын колдонуунун экономикалык натыйжалуулугу.<br>16. Туризмдеги санариптик маркетинг кампаниясынын бюджетин түзүү.<br>17. КР мейманканаларынын социалдык жоопкерчилигин санариптик платформаларда чагылдыруу.<br>18. Туристтик блог түзүү жана аны жүргүзүү стратегиясы.<br>19. Онлайн транзакциялардагы алдамчылыктан коргонуу жолдору.<br>20. Санариптик туризмдеги заманбап төлөм технологиялары (QR-код, криптовалюта).<br>21. Веб-сайттын колдонуучуга ыңгайлуулугун (UX/UI) баалоо. |

| | | | |
|---|---|---|---|
| 17. Веб-аналитика туристтик кампаниялардын натыйжалуулугун баалоого кандай жардам берет?<br>18. Санариптик туризмде кардарлардын сын-пикирлерин чогултуу жана иштеп чыгуу методдору.<br>19. Мобилдик интернет туристтердин жүрүм-турумуна кандай таасир этет?<br>20. Социалдык тармактар аркылуу туристтик бренди кантип түзүүгө болот?<br>21. «Акылдуу» (Smart) мейманканалар деген эмне жана алар кайсы технологияларды колдонушат?<br>22. Туристтик компаниялар киберкоопсуздукту камсыздоо үчүн кандай чараларды көрүшү керек?<br>23. Блокчейн технологияларын туристтик индустрияда кантип колдонууга болот?<br>24. Онлайн-платформаларды брондоо үчүн тандоого кайсы факторлор таасир этет?<br>25. Санариптик туризмдеги тренддерди мониторингдөө үчүн кандай маалымат булактары колдонулат?<br>26. IoT (нерселер интернети) технологиясынын туристтик | 22. Инфлюенсерлер менен иштөө: Блогерлердин туризмге тийгизген таасири.<br>23. Санариптик навигация жана «акылдуу» транспорттук чечимдер.<br>24. Туристтик кызматтарды онлайн сатуудагы этикалык нормалар.<br>25. Блокчейн жана туризмдеги акылдуу контракттар.<br>26. Туризмдеги санариптик трансформациянын келечеги.<br>27. «Акылдуу» шаарлардын туристтер үчүн ыңгайлуулугу.<br>28. Мейманканалардагы Extranet системасын башкаруу.<br>29. Санариптик туризм жана экологиялык туруктуулук.<br>30. Кыргызстандагы санариптик туризмдин абалы жана келечеги. | 24. Санариптик трансформация деген эмне? (Бизнес-процесстерге ИТ киргизүү).<br>25. Экзаменге чейинки итогодук аттестация формасы? (Зачет).<br>26. Электрондук төлөм системасынын мисалы? (PayPal, онлайн банкинг).<br>27. Booking платформасындагы «туруктуу практикалар» эмнеге багытталган? (Экология жана жоопкерчиликке).<br>28. Туристтик мобилдик тиркеменин артыкчылыгы? (Ыкчам жеткиликтүүлүк).<br>29. Санариптик маркетингде «таргет» деген эмне? (Максаттуу аудиторияга багытталган жарнама).<br>30. Санариптик туризм дисциплинасынын негизги натыйжасы? (Санариптик платформаларда иштөө көндүмү) | 22. Туризмде видео-контенттин маанилүүлүгү жана аны түзүү инструменттери.<br>23. CRM-системаларынын жардамы менен кардарлардын берилгендигин (Loyalty) жогорулатуу.<br>24. Электрондук туристтик визалар жана алардын саякатты жеңилдетүүдөгү ролу.<br>25. Туризмдеги Big Data: Маалыматтарды чогултуунун этикалык аспектилери.<br>26. Санариптик платформалар аркылуу туруктуу туризмди (Ecotourism) жайылтуу.<br>27. Мейманкананын Extranet системасында бааларды башкаруу (Revenue management).<br>28. Туристтик кызматтарды онлайн сатуудагы персоналдаштыруу ыкмалары.<br>29. Туризмде чат-ботторду иштеп чыгуунун негизги кадамдары.<br>30. Санариптик туризм боюнча глоссарий түзүү (негизги терминдердин түшүндүрмөсү). |

| | | | |
|---|---|---|---|
| тажрыйбанын сапатын жогорулатуудагы ролу.<br>27. «Акылдуу шаар» (Smart City) чечимдери жана алардын туризм тармагына тийгизген таасири.<br>28. CRM-системаларын кардарларды башкаруу жана сунуштарды персоналдаштыруу үчүн колдонуу.<br>29. Туруктуу туризмди (Sustainable practices) Booking платформасында чагылдыруу критерийлери.<br>30. Санариптик сабаттуулук жана туристтердин жеке маалыматтарын коргоо принциптери. | | | |

**«Санариптик туризм» дисциплинасы боюнча баалоо структурасы:**

**1. Баллдык-рейтингдик система (Жалпы 100 балл):**

Колледждин талаптарына ылайык, студенттин билими төмөнкү компоненттер аркылуу бааланат:

- СӨИ (Студенттин өздүк иши): 24–40 балл.
- ТРК (Текущий рейтинг-контроль): 18–30 балл. Бул лекциялык жана практикалык сабактардагы активдүүлүк, оозеки жооптор үчүн берилет.
- МРК (Модулдук рейтинг-контроль): 18–30 балл. Семестр ичиндеги эки модулдук тестирлөөнүн же сурамжылоонун жыйынтыгы.
- Жыйынтыктоочу аттестация (Зачет): 10–20 балл.

**2. Баалоо шкаласы жана критерийлери**

Студенттин топтогон упайларына жараша төмөнкүдөй баалар коюлат:

- 86–100 балл («5» – эң жакшы): Студент материалды терең өздөштүрсө, теорияны практика менен байланыштыра алса жана тапшырмаларды өз убагында, тыкан аткарса коюлат.
- 76–85 балл («4» – жакшы): Материалды бекем билсе, мазмундуу баяндаса, бирок жасалгалоодо же айрым деталдарда анча чоң эмес кемчиликтер болсо коюлат.
- 60–75 балл («3» – канааттандырарлык): Негизги материалды гана билсе, бирок аныкталмаларда ката кетирсе же практикалык иштерди аткарууда кыйынчылыкка учураса коюлат.
- 0–59 балл («2» – начар): Программалык материалдын чоң бөлүгүн билбесе, маанилүү каталарга жол берсе.

**3. Баалоонун формалары жана усулдары**

**«Санариптик туризм»** дисциплинасы боюнча баалоо төмөнкү иш-аракеттерди камтыйт:

- Оозеки сурамжылоо жана диалог: Практикалык сабактарда студенттерди суроо жана аудитория менен диалог жүргүзүү аркылуу ишке ашырылат.
- Модулдук текшерүү (Тестирлөө): «eBilim» системасы аркылуу же кагаз жүзүндө аралыктык жана контролдук тестирлөөлөр жүргүзүлөт.
- Практикалык иштер: Практикалык сабактардын материалдарын иштеп чыгуу, отчетторду түзүү жана салыштырма талдоо жүргүзүү.
- Өздүк иштер (СӨИ): Рефераттарды, презентацияларды жазуу жана аларды коргоо.

Студент доклад же өздүк иштин темаларын сунушталган варианттардын ичинен (мисалы, 1-30 темалар) тандоо укугуна ээ.

Бул структура «Санариптик туризм» дисциплинасын окутуунун  натыйжалуулугун жана студенттин кесиптик (ПК-5, ПК-6) жана жалпы илимий (ОК-1) компетенцияларын объективдүү баалоого мүмкүндүк берет